Ош мамлекеттик университетинин педагогика, искусство жана журналистика институтунда ишке ашырып жаткан 550700 "Педагогика" – багыты. "Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы", "Мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы, логопедия" адистиктери боюнча билим берүү стандартынын негизинде негизги билим берүү программасын (НББП) иштеп чыгуу үчүн жумушчу топтун жыйынынын протоколу

Катышты: 11

Себептүүлөр: 2

Ош шаары 13.11.2025-ж.

**Күн тартибиндеги каралуучу маселе:** 550700 "Педагогика" – багыты, "Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы", "Мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы, логопедия" адистиктери боюнча билим берүү стандартынын негизинде негизги билим берүү программасын (НББП) талкуулоо.

**Угулду:** Программа жетекчиси М.М. Асаналиева: «Педагогика» багыты боюнча – «Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы», «Мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы, логопедия» адистиктерине карата 550700 «Педагогика» багыты боюнча адистерди даярдоонун ОшМУнун жогорку кесиптик билим берүү стандартынын (10.04.2025) негизинде негизги билим берүү программасын (НББП) талкуулоо жана институттун Окумуштуулар кеңешине сунуштоо боюнча жумушчу топтун курамына айтып өттү.

**Жумушчу топтун мүчөлөрү:** НББПнын түзүлүшү, мазмуну жана аны өркүндөтүү багыттары боюнча кеңири талкуу жүргүзүштү. Бул жыйындын максаты НББПны заманбап билим берүү талаптарына шайкеш келтирүү жана адистерди сапаттуу даярдоону камсыз кылуу багытында маанилүү кадам экендиги талкууга алынды. Ошондой эле келечектеги бүтүрүүчү адистер ээ болууга тийиш болгон кесиптик компетенциялар, практикалык көндүмдөр жана талаптар талдоого алынды. Иш берүүчүлөргө сөз берилди.

**Ош шаардык билим берүү бөлүмүнүн башталгыч билим берүү боюнча башкы адиси Г. Ормонова:** Учурда өзүңүздөр билгендей 12 жылдык билим берүүгө өтүп педагогикалык багыттагы адистерди даярдоодо STEM көндүмдөр, Soft skills (жумшак көндүмдөр), улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктар, тилдик жана коммуникативдик жалпы компетенциялар калыптануусу керек. НББП жалпы компетенциялар булар каралган. Анткени, өзүңүздөр билесиздер окуу китептери дагы окуучуларды өз алдынча иштөөгө багытталган темдар камтылган жаңы окуу китептери басылып чыкты. Бүтүрүүчү адистер ошол окуу китептеринин колдонмосу менен иштөөнү үйрөнүшү керек.

**Ош шаардык "Раян" балдар бакчасынын башчысы Р. Турдуева:** Сиздер туура айтып жатасыздар, айрыкча мектепке чейинки мекеменин тарбиячысы дагы санарип көндүмдөргө ээ болушу керек. Элементардык компьтердик сабаттуулугун арттырруу керек.

**Ош шаардык №18 А. Навои жалпы билим берүүчү орто мектебинин тарбия иштери боюнча орун басары С. Жусупакматова:** Учурда башталгыч класстын окуучуларына сабак өтүп жатканда традициялык эмес, заманбап технология менен сабактарды уюштуруу, баланын деңгээлине жараша ойлонууга түрткү берген методдор менен сабак өтүү эң негизги маселелердин бири.

Программа жетекчиси М.М. Асаналиева: Жумушчу топтун ар бир мүчөлөрүнө сөз берип, «Педагогика» багыты боюнча адистерди даярдоонун ОшМУнун жогорку кесиптик билим берүү стандартынын (10.04.2025) негизинде негизги билим берүү программасын (НББП) талкуулап, институттун Окумуштуулар кеңешинде бекитип берүү жагын бир добуш менен төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

Scanned with CamScanner

**Чечим:**

1. НББПнын түзүлүшү, мазмуну жана аны өркүндөтүү багыттары боюнча жумушчу топтогу иш берүүчүлөрдүн сунуштары эске алынсын;

2. 550700 «Педагогика» багыты боюнча адистерди даярдоонун ОшМУнун жогорку кесиптик билим берүү стандартынын (10.04.2025) негизинде негизги билим берүү программасын (НББП) институттун Окумуштуулар кеңешинде бекитип берүүгө сунушталсын.

Программа жетекчиси: Асаналиева М.М.

Катчы: Азимова С.

Scanned with CamScanner